| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ** |

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 8 -сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**“27” 06 2025-жыл №82** **Кызыл-Суу айылы**

**Кызыл-Суу айылынын тургуну Ж. Асаналиевдин жеке менчикке алынган Манас көчөсү №228 дарегиндеги 2-02-10-1001-1067 кодтогу -850.0 чарчы метр жер тилкеси жөнүндө.**

Кызыл-Суу айылындагы Манас көчөсүндөгү №228 дарегиндеги идентификациялык 2-02-10-1001-1067 кодтогу 850.0 чарчы метр жер тилкеси райондук улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) мекемесинин жанында болгондугуна байланыштуу кызматтын талабы жана 2025-жылдын 24-апрель айындагы №183 катынын негизинде Ж.Асаналиевге тишелүү 850,0 чарчы метр жер аянтынын ичиндеги батыш тарабынан 260 чарчы метр жер аянты айыл өкмөтүнүн балансына алынып, алмашуу жолу менен Ж.Асаналиевге айыл өкмөтүнүн балансында турган эски өрт өчүрүү кызматынын ордундагы бош турган жерден 260 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берүү боюнча жергиликтүү кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Райондук улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) мекемесинин талабы жана 2025-жылдын 24-апрель айындагы №183 катынын негизинде Ж. Асаналиевге тишелүү 850,0 чарчы метр жер аянтынын ичиндеги батыш тарабынан 260 чарчы метр жер аянты айыл өкмөтүнүн балансына алып, алмашуу жолу менен Ж.Асаналиевге айыл өкмөтүнүн балансында турган эски өрт өчүрүү кызматынын ордундагы бош турган жеринен 260 чарчы метр жер тилкеси бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзам чегинде алмашуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жергиликтүү кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

Төрайым Г. Чыныбаева